**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# МУЗЫКА

**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН 1-4-КЛАССТАР ҮЧҮН ПРЕДМЕТИК СТАНДАРТ**


**Прдметтик стандартты түзүүчүлөр:**

Дуйшеналиев Ж.С. – КББАнын ага илимий кызматкери (жумушчу топтун жетекчиси).

Жакыпов К.К.– И.Арабаев ат. КМУ “Музыка” каф. башчысы.

Шамбетова К.Ж. – И.Арабаев ат. КМУ “Музыка” каф. ага окутуучусу.


**Бишкек – 2020**

# 1-бөлүм. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын нормаларына жана «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын мектептеринин 1-4-класстарында Музыка предметин окутуунун стандарты иштелип чыкты жана ал мектептерде Музыка предметин окутуунун негизги тилкелерин аныктайт.

Музыка предметин окутуунун стандартын иштеп чыгуунун негизги максаты 1-4-класстардын окуучулары Музыка предмети боюнча сөзсүз ээ болууга тийиш болгон билимдердин минимумун аныктоо болуп эсептелет.

Мектеп жетекчилери жана анда иштеген мугалимдер стандартта көрсөтүлгөн талаптардын аткарылышына шарт түзүүгө, окуу иштерин уюштурууга, ал эми окуучулар жана алардын ата-энелери тийиштүү билим берүү уюмдарын тандап алууга жана анда коюлган талаптарды аткарууга милдеттүү.

Баштапкы жана негизги билим берүү программаларынын алкагында мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу, билим алуунун формасына карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү үчүн милдеттүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында Музыка предмети боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандарты Музыка предмети боюнча окуу программаларын, окуу пландарын, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду түзүүдө негиз катары колдонулат.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин уруксатысыз бул стандартты атайын басылма катары толук же бөлүктөп кайра чыгаруу, көбөйтүү жана таратуу мүмкүн эмес.***

## 1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы

1-4-класстардын Музыка предмети боюнча предметтик стандарты төмөнкү ченемдик документтердин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы. – Б:, 2003
- **«Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому.**

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Предметтик стандартта негизги түшүнүктөр жана атоолор төмөнкү мааниде пайдаланылат:

- *жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты* – ченемдик-укуктук документ, ал: мектептик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде билим берүүнүн бардык тармактарында белгиленген максаттарды жүзөгө ашырууну камсыз кылат; музыкалык билим берүү процессин жөнгө салат; улуттук, региондук/жергиликтүү деңгээлдерде билим берүү тутумун өнүктүрүүнү камсыз кылат;
- *предметтик стандарт* – окуучунун билим алышынын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ;
- *билимдин сапаты* – билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы;

- *негизги компетенттүүлүк* – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка (заказга) ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы;
- *компетенттүүлүк* – кандайдыр бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик иштеги) билимдин, ыктын жана жөндөмдүүлүктүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуудагы адамдын интеграцияланган жөндөмү;
- *компетенция* – окуу, инсандык, кесиптик иштердеги кандайдыр бир кырдаалдарда натыйжалуу, үзүрлүү ишмердүүлүк үчүн зарыл түрдө окуучуларды окутуп даярдоого карата алдын ала белгиленген социалдык талап (ченем, стандарттардын тизмеси);
- *предметтик компетенттүүлүк* – музыка предмети боюнча негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат;
- *билим берүүнүн натыйжалары* – музыка предмети боюнча негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому;
- *билим берүү тармагы* – музыка предмети боюнча адамдын ишмердигинин белгилүү чөйрөсүнө тиешелүү, илимий жана практикалык иштин педагогикалык жактан жатыккан тажрыйбасы түрүндө берилген билим берүүнүн мазмуну;
- *билим берүү процесси* – музыка предмети боюнча педагогдордун түздөн-түз катышуусу менен ар кандай түрдөгү сабактар жана окуучунун өз алдынча сабактары, ошондой эле билим берүүнүн максаттары жана натыйжалары жүзөгө ашырылган окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сынактары, зачеттору, аттестациялоонун башка түрлөрү сыяктуу окутуунун жана тарбиялоонун уюштурулган процесси;
- *баа* – музыка предмети боюнча Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда белгиленген компетенттүүлүктөрдүн окуучуларда калыптануу даражасын сапаттык жактан аныктоо;
- *баалоо* – музыка предмети боюнча окуучунун когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигине, мугалимдердин, класстын, мектептин ишине системалуу байкоо жүргүзүп, андан алынган маалыматтарды билим сапатын андан ары жакшыртуу, алынган билим натыйжаларынын күтүлгөн натыйжа менен дал келүү даражасын аныктоо максатында сыпаттоо, чогултуу, каттоо жана интерпретациялоо процесси;
- *окутуу технологиясы* – Музыкалык билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму;
- *окутуунун максаты* – Музыка предметин окутуунун түпкү жана орто аралык натыйжасы, ага окуучулар негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн белгилүү деңгээлинде билдирилген когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөдө жетишет, аны мугалим өлчөп жана баа бере алат;

## 2-бөлүм. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

«Музыка» предмети («Искусство» билим берүү тарамы) 1-4- класстарда, окуучулар өзүнүн музыкалык чыгармачылыгынан кубанууну, рахаттанууну алуу мүмкүнчүлүктөрүнө шарт түзүүнү максаттанат. «Музыка» предметин окуп үйрөнүү үчүн негизги басым, Кыргыз улуттук музыкалык маданияттын жана Борбор-Азия регионундагы музыкалык маданияттын көп образдуу катмарлары болот. 1-4- класстардын окуучуларынын психологиялык жактанөзгөчөлүктөрүнө жооп берген гуманисттик жана

поликультуралык багыттагы музыкалык материалдарды тандоо негизги критериялардан болот.

1-4- класстардагы окуу ишмердүүлүгү тикенден-тике курчап турган айлана-чөйрөнү таануу, эң негизгиси сезүүнү жана кабыл алууну стимулдаштыруу.

1-4- класстын окуучулары курчап турган чөйрөнү жандуу кызыгуулар менен кабыл алат да күн сайын алардын алдында айлана -чөйрөнүн улам жаңы жактары ачылып турат.

Бала үчүн предметти кабыл алуу – бул, аны менен бир нерсе жасоо, андагы бир нерсени өзгөртүү, кандайдыр бир аракетти жасоо, аны алып кармап көрүү. 1-4- класстардын окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүк – ачык көрсөтүлгөн эмоционалдуу кабыл алуусу болот.

Окуучу, ар түрдүү музыкалык материалдар, музыкалык аспаптар менен эксперимент жүргүзүп жатып чыгармачылык менен жаңыча (башкача) түшүнүү аркылуу, музыканын тилин (искусства) түшүнө баштайт жана ар түрдүү идеяларды турмушка ашырууга жардам берүүчү креативдик көндүмдөрүн өнүктүрөт. Ошого байланыштуу, 1-4- класстын окуучуларынын курагында, жаңыдан жаратуу, түзүү жана элестетүүлөрү менен кыялдануулары өнүгөт. Ошондуктан «Музыка» сабагында музыкалык чыгармаларды уктурууга жана ал чыгармаларга байкоо жүргүзүүгө көңүл буруу маанилүү. Музыкалык искусство чыгармаларында, өткөн тажрыйбаны көркөм интерпретациялоону сунуштоо, мектептеги баштапкы билим берүү этабында чыгармачылык компетенттүүлүктү калыптандырууга жол ачат.

Музыкалык билим берүү – окуучуда музыкага карата эмоциялык сезимталдыкты, анын мазмунун түшүнүү жана терең толгонууну, музыкалык сабаттуулуктун негиздерин, музыкалык тилди түшүнүүнү максатка багытталган системалуу түрдө тарбиялоо. Мындан сырткары, музыкалык билим берүү бул – музыкалык ишмердүүлүктүн коомдук-тарыхый тажрыйбасын жаңы муунга берүү процесси, Кыргыз элинин музыкасын терең сыйлоого тарбиялоо менен түрдүү элдер жана муундардын музыкасына толеранттуу мамиле кылууга тарбиялоо.

Уктуруу үчүн тандалып алынган музыкалык чыгармалардын, аткаруу (ырдоо) үчүн репертуарынын үлгүлөрү окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө, тематикага ылайык келип, предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусуна өбөлгө түзүшү керек. Музыкалык маданияттын ар кыл катмарлары сунуш кылынышы зарыл: элдик музыкалык фольклор, Кыргыз композиторлорунун жана дүйнөлүк музыкалык маданияттын классиктеринин классикалык мурастары, азыркы композиторлордун музыкалык чыгармаларынын үлгүлөрү.

Окутуу түрдүү тилдерде жүргүзүлгөн мектептерде, аткаруу үчүн берилген музыкалык материалдар, окутулган тилдеги аткаруу үчүн берилген ыр чыгармачылыгынын мыкты үлгүлөрүнөн түзүлүп, мамлекеттик жана расмий тилдериндеги ыр чыгармачылыгынын үлгүлөрү киргизилет.

Компьютердик техниканы, электрондук-музыкалык аспаптарды колдонуп, музыка менен баарлашуунун заманбап ыкмаларына да олуттуу көңүл буруу керек.

### 2.1. Предметти окутуунун максаттары жана милдеттери

1-4-класстарда Музыка предметин окутуунун **максаты:**

*Инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн эң маанилүү компоненти катары, музыкалык маданиятка баарлашуу аркылуу окуучуларда музыкалык-эстетикалык жана руханий-адептик тарбиялоонун негизин калыптандыруу.*

1-4-класстарда Музыка предметин окутуунун **милдеттери:**

- Искусствонун предмети катары музыканы жакшы көрүүгө жана сыйлоого үйрөтүү;
- Музыка - ар бир баланын жашоосундагы эң маанилүү бөлүгү катары түшүнүүнү үйрөтүү;

- Айлана-чөйрөгө болгон сүйүүнү жана эмоционалдуу боорукердикти калыптандырууга демилге берүү;
- Музыка менен искусствонун башка түрлөрүнүн биринчи кезекте «Көркөм өнөр» менен «Адабий окуу» (Адабият) бири-бирлерине болгон байланышын көрө билүүгө үйрөтүү;
- Музыкалык сабаттын негиздерин үйрөтүү;
- Музыка менен баарлашууга болгон муктаждыгын уюштуруу.

Кабыл алууга багытталган, ойлонулган оорчундуу музыкалык чыгармалардын билим берүүчүлүк системасын түзүү. Мында, музыкалык искусствонун мазмуну менен формасынын бири-бири менен болгон терең байланышы, музыкалык таасирдүүлүктүн каражаттары жөнүндө бир канча оорчундуу билим берүү максаттанат.

## 2.2. Предметти түзүүнүн методологисы

«Музыка» предметинен окуучулар элдик музыкалык фольклордун, музыка жөнүндөгү алгачкы элементардык теориялык билимдердин, ырдоонун алгачкы негизги элементтерин, музыка уктуруу аркылуу дил баян жазууну, элдик комузчу, кыякчылардын, обончу-композиторлордун жана кесипкөй композиторлордун өмүрү чыгармачылыгы жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды жана түшүнүктөрдү кабыл алышат. Предметтин интеграциялоочу функциясын «Көркөм өнөр», «Адабий окуу» предметтериндеги музыкалык-эстетикалык, эстетикалык, этномузыкалык, музыкалогиялык түшүнүктөрү аткарат.

Эгерде, Музыка предметин окутууда предметтер аралык байланышты колдонуу, жашоо менен көп тармактуу өз ара аркеттенүү идеяларын тереңдетүүгө, башка предметтер менен көркөм таанып билүү ишмердүүлүктөрүнө багытталган болсо, ал эми музыкалык процесстердин кубулуштарын чагылдыруу «Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары» мазмундук багыттын жардамы аркылуу ишке ашырылат. Бирок, музыканын стилин окутууга атайын тема бөлүнбөгөнүнө карбастан, бул мамиленин чагылдырылышы Музыка предметтин окутуудагы бардык бөлүктөрүндө сакталат.

Музыка таануу, искусство таануу, адабият таануу, көркөм эстетика, музыкалык-эстетика жана эстетика илимдеринде формалык, стилдик жана жанрдык системанын ар түрдүү деңгээлдери сунушталган. Мисалы, «мезгилдин стили, жанры, формасы», «жанрдын, стилдин багыты», «жанрдын стилдик агымы», «жекече стиль» (автордун өзүнүн стили), «чыгармачылык мезгилдин жанры, стили», «көркөм чыгарманын жанры, стили». Ошондой эле «көркөм чыгарманын элементтеринин стили» (мисалы, «гармониялык стиль», «ыргактык стиль» ж.б.). Азыркы күндө, искусстводогу стилди түшүнүү иерархиясы жалпыга түшүнүктүү болгондуктан, бул стилдик типологияны биз колдонобуз. Ошондуктан, жогоруда көрсөтүлгөндөй атайын тема берилбейт, бирок Музыка курсунун тематикалык мазмундук тилкелерине негизделип кошулат. Мисал үчүн, XX кылымдын музыкалык искусствосуна мүнөздөмө берүүдө татаал жана карама-каршы келген процесстерди интерпретациялоодо «мезгилдин стили, формасы» көргөзмөлүүлүктү көрсөтө алат. «Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары» аттуу мазмундук багыттын композиторлордун чыгармачылыгындагы музыкалык көргөзмөлүүлүктө каралат. Стандартта көрсөтүгөн 4 мазмундук тилкелер (“Музыканын тили – музыкалык көркөм туюндуруу каражаттары”, “Музыкалык интонация жана образ”, “Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары”, Автор (автордук дүйнө) Кыргыз композиторлорунун (комузчулар-Т.Сатылганов, К.Орозов, Ы.Туманов, Б.Мадазимов, ж.б.; Кесипкөй композиторлордон - А.Малдыбаев, А.Түлөев, А.Аманбаев, Т.Эрматов, К.Молдобасанов, Н.Давлесов, М.А.Бегалиев ж.б.; обончу-композиторлордон - Р.Абдыкадыров, А.Атабаев, К.Тагаев, А.Керимбаев, К.Эралиева, Т.Казаков ж.б.; жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк композиторлордон Д.Б.Кабалевский, С.С.Прокофьев, П.И.Чайковский, В.А.Моцарт, Л.В.Бетховен, Ф.Шопен ж.б.) чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо ачылып берилет. Көркөм чыгармалардын “Музыкалык интонациясы жана

образы", Автору (автордук дүйнөсү), К.Молдобасанов, Н.Давлесов, А.Түлөев, А.Аманбаев, Т.Эрматовдун вокалдык жана аспатык симфониялык чыгармаларында каралат. Андан кийин - музыканын абдан таасирдүү көркөм спецификалык каражаттары болгон *ыргак, обон, гармония, фактура, тембр, динамикалар* менен ачып көрсөтүлөт. «Музыканын тили, формалары, стилдери жана жанры» боюнча А.Малдыбаев, К.Молдобасанов, Н.Давлесов, А.Түлөев, А.Аманбаев, Т.Эрматов М.А.Бегалиев, А.Хачатурян, С.С.Прокофьев, В.А.Моцарт ж.б. композитордун аспаптык жана вокалдык чыгармаларынын фрагменттери ачык мисал боло алат.

Кээ бир чыгармалардын өзгөчөлүктөрү, композиторлордун чыгармачылыгы, искусство чыгармаларынын толук бир бүтүмдүү багытынын типологиялык-мүнөзүн жана Музыка предметинде кеңири колдонулуп келе жаткан «Музыканын стили» деген түшүнүктүн маңызын чыгарманын көркөм мазмуну менен көркөм формасы түзүп турат. «…Эстетикалык принциптерди жалпы бириктирип турган баалуулуктар …көркөм чыгарманын бүтүн формасы, …жалпы мазмуну»[1] деп айткан академик Д.С.Лихачевдун сөзүнө ***стил*** катары түшүнүк берип көрсөк, анда стил - албетте, так эле ошол музыкалык чыгарманын көркөм мазмуну менен көркөм формасы жана алардын ажыратылгыз бири-бири менен болгон кайталагыз биримдиги болот. Ошондой эле, стил – башка чыгармалардан терең өзгөчөлөнгөндүгү менен бардык искусство чыгармаларынын бири-биринен айырмаланып турат.

Бул негизги «Музыкалык тил, форма, стил жана жанр» көйгөйлөрү 1-4- класстардын 4-классындагы Музыка курсунун акыркы темаларында жана башка бөлүмдөрүндө чыгармалардын мазмуну жөнүндө да кеңири түшүндүрүлөт.

Чыгарманын мазмуну жана формасы - бул эки категория, өзүнө көптөгөн компененттерди камтыган *иреттүүлүк* менен *системалуулук* аркылуу ишке ашырылат. Музыканын мазмуну анын образы аркылуу эле эмес, ал аны алып жүргөн жанрлар (лирикалык, драмалык, эпикалык ж.б.) жана чыгарманын программалуулугу аркылуу чагылдырылат жана түшүндүрүлөт.

*Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары* жөнүндөгү түшүнүктөр, чыгарманын «склети» же «музыкалык сүйлөмү» же бир бөлүктүү же эки бөлүктүү деп азыркы мезгилде жаңыча түшүндүрүлүп келет. Албетте, мындай өңүттө карасак музыкалык чыгарманын көркөм формасын, анын чыныгы терең көркөм таасирдүү мүмкүнчүлүктөрүн чектеп койгон болобуз. Көрүнүктүү музыка таануучу И.Гофмиллердин сөзү менен айтканда «көркөм форма бул - ачык орнотулуп, көрүнүп турган чыгарманын мазмуну». Ал эми *музыкалык тил* (речь) - ыргак, обон (мелодия), гармония, фактура, тембр, динамика сыяктуу музыкалык таасирдүүлүктөрдүн каражаттары аркылуу ишке ашырылат. Көркөм форманы мындай өңүттө түшүндүрүү, музыкалык искусство илиминдеги жаңы жетишкендиктер.

Системалык мамиле, бүтүн бир ***методологиялык*** мейкиндиктин башкы «координатору» ролун аткарат. Системалык мамилени колдонуу, предметтин маанилүү компоненттерин уюштурууда чоң жардам берет. Алар: предметтин мазмунунун темалуулугу, уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык материалдар, практикалык ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү.

1-4-класстардын Музыка предметиндеги кенен таанып билүүчүлүк панорама болсо, өзгөчөлөнгөн системалык мамиле менен 1-4- класстарда «Музыка» курсунун мазмундук концепциясында көрсөтүлүп тургандай, бул предметтин ичинде (макросистемасында) жана анын этаптык (подсистемасында) денгээлинде ишке ашырылат.

1-4-класстардын Музыка предмети музыкалык-эстетика, көркөм-эстетика жана музыкалык теория жөнүндөгү баштапкы элементардык билимдерди, алгачкы музыкалык түшүнүктөрдү берүү менен окуучуларды Музыка предметинин мазмунун өздөштүрүүгө даярдайт.

---

[1] Лихачев Д. С. Поэтика древнерусской литературы. М., 1979. С.32.

**Музыка курсун предметтер аралык байланышты жакшы билген мугалим жүргүзүүсү зарыл. Анткени атайын музыкалык, музыкалык-педагогикалык адистиги бар гана мугалим болбосо, 1-4-класстын мугалимине Музыка предметин окутуу берилбейт.** Орто мектептерде Музыка предметин музыкалык орто жана жогорку (баклавр, магистр) билимге ээ болгон Музыка мугалими гана окутушу максатка ылайык. Анда, мугалим окутулуучу музыкалык теориялык материалдардын негиздерин билүү, аспапта (комуз, аккардеон, фортпиано ж.б.) ойной билүү, ырдоо жана уктуруу үчүн берилген чыгарманы нота менен окууну билүү, аны аспаптын коштоосунда жана а cappella аткаруу чыгармачылыгына негизделген.

## 2.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр

**Негизги компетенттүүлүк** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы. *Компетенттүүлүк* – бул маданияттын кайсы бир тармактары боюнча кабардар болуучулук, кадыр-барктуулук, билермандуулук.

*Негизги компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:*

1. ***маалыматтык компоненттүүлүк*** – өзүнүн ишмердүүлүгүн пландаштырууда жана аны жүзөгө ашырууда маалыматтарды колдонууга, аргументтүү тыянактарды чыгарууга даяр болуучулук. Маалыматтар менен иштей билүүчүлүк: зарыл болгон (жетишпеген) маалыматтарды максаттуу издей билүү, айрым фрагменттерди салыштыруу, бирдиктүү талдоо жана божомолдорду коюу билгичтиктерине ээ болуу;
2. ***социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк*** – өзүнүн жеке умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштырууга, байланыштырууга даяр болуучулук, көз караштардын ар түрдүүлүгүн моюнга алуу жана башка адамдардын баалуулуктарына сый мамиледе болуу менен өзүнүн көз карашынан маданияттуу түрдө чегине билүүчүлүк. Сүйлөшүүдө зарыл маалыматты ала алууга, аны оозеки жана жазуу түрүндө көрсөтө билүүгө даярдык. Башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын проблеманы чечүүдө колдоно алуу;
3. ***инсандык (личносттук) компетенттүүлүк же өзүн-өзү башкаруу, көйгөйлөрдү өз алдынча чечүү компетенттүүлүк*** – маалыматтардагы, окуудагы жана турмуштук кырдаалдардагы карама-каршылыктарды аныктай билүү жана аларды ар түрдүү ыкмаларда колдонуу менен өз алдынча же башкалар менен биргеликте чече билүү, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечим кабыл алуу.

«Музыка» предмети окуучулардын төмөндөгү **предметтик компетенттүүлүктөрүнүн** калыптанышын шарттайт. *Предметтик компетенттүүлүк* – негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.

1. **Эмоциялык-баалуулук компетенттүүлүгү** – балдар музыкалык чыгармалары менен инсандык, эмоциялык-сезимдик байланыш, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүндө ишке ашырылат. Музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын сыпаттап берүүгө жөндөмдүүлүк, түрдүү мезгилдердин, элдердин, ар кыл стилдеги, жанрдагы, типтеги музыкалык искусствонун чыгармаларында аккумуляцияланган адептик идеалдарга баа берүү жөндөмдүүлүгү.
2. **Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуп-үйрөнүлүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо

жөндөмдүүлүгү, салыштыруу, Балдар музыкалык искусствонун чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын аныктай билүү, музыкалык чыгарманы талдоо жөндөмдүүлүгү, музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү жөндөмдүүлүгү.

**3. Аткаруучулук компетенттүүлүк** – музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу менен хордук жамаатта жана жекече ырдоодо жана аткарууда интерпретациялоо жөндөмдүүлүгү.

Музыкалык чыгарманы аңдап түшүнүүнүн негизинде музыканы уга билүү, аны хор менен же/жана жекече аткара билүү, талдай билүү билгичтиктерин баскычтуу, ырааттуу түрдө калыптандыруу турат. Буга байланыштуу, компетенттүүлүктөрдүн мазмунунда музыкалык чыгарманы түшүнүү үчүн бир нече аспектилер бөлүнүп көрсөтүлөт:

1) музыкалык чыгарманы баштапкы кабылдоо жана аны менен таанышуудан, угуудан пайда болгон эмоциялык абалды сыпаттоо;

2) талдоо;

3) интерпретация;

4) баалоо.

Предметтик компетенттүүлүк окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо жетектөөчү мааниге ээ. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө дайыма ишке ашырылганда гана ал ийгиликтүү түрдө калыптанды деп айтууга болот.

**1-4-класстарда «Музыка» предметинин мазмундук тилкелери төмөнкүлөр:**

1. Музыканын тили – музыкалык көркөм туюндуруу каражаттары.
2. Музыкалык интонация жана образ.
3. Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары.
4. Автор (автордук дүйнө).

1-4-класстардын «Музыка» предмети жалпы билим берүүчү орто мектептин 1-4–класстардын базистик окуу планындагы негизги окуу предмети болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын расмий бекитилген базистик окуу планына ылайык «Музыка» предметин окутууга 1-4-класстарда жумасына 1-саат каралган.

### 2.4. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

| № | Мазмундук тилкелер (1-4-кл.) | 1-класстын темасы (Бардык жерде бизге музыка, музыка угулат…) | 2-класстын темасы (Музыканын негиздери) | 3-класстын темасы (Менин элимдин жана дүйнө элдеринин музыкасы) | 4-класстын темасы (Искусствонун башка түрлөрү менен музыканын бирдиктүүлүгү) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **Музыканын тили – музыкалык көркөм туюндуруу каражаттары** | Музыка биздин жашообузда.<br>Музыка эмне жөнүндө айтып берет?<br>Музыка кандай сезимди бере алат?<br>Музыкалык речь деген эмне?<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, созулуштары). | Ыр, бий, марш - музыканын үч негизи.<br>Ыр, бий, марш бизди кайда алып барат?<br>Музыканын көркөм каражаттары (темп, обон, тембр ж.б.).<br>Музыкалык сабат. | Менин элимдин музыкасы (элдик муз.)<br>Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы. | «Эгерде адабият болбогондо, музыка менен эмне болмок эле?»<br>«Эгерде музыка болбогондо, адабият менен эмне болмок эле?»<br>«Музыканы биз көрө алабызбы?»<br>«Живописти биз уга алабыбызбы?»<br>Музыкалык сабат. |
| 2. | **Музыкалык интонация жана образ.** | Музыка биздин жашообузда.<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, созулуштары). | Ыр, бий, марш бизди кайда алып барат?<br>Музыкалык сабат. | Менин элимдин музыкасы (элдик музыкалык чыгармачылык).<br>Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы.<br>Музыкалык сабат. | «Музыканы биз көрө алабызбы?»<br>Музыкалык сабат. |
| 3. | **Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары.** | Музыка эмне жөнүндө айтып берет?<br>Музыка кандай сезимди бере алат?<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, | Музыкалык чыгарманын формасы.<br>Ыр, бий, марш бизди кайда алып барат?<br>Музыканын көркөм каражаттары (темп, обон, | Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы. | «Эгерде адабият болбогондо, музыка менен эмне болмок эле?»<br>«Эгерде музыка болбогондо, адабият менен эмне болмок эле?» |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | сызыктарда жайгашышы, созулуштары). | тембр ж.б.)<br>Музыкалык сабат. | Музыкалык сабат. | Музыкалык сабат. |
| **4.** | **Автор (автордук дүйнө).** | Музыка биздин жашообузда.<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, созулуштары). | Ыр, бий, марш - музыканын үч негизи.<br>Музыкалык сабат. | Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы.<br>Музыкалык сабат. | «Эгерде музыка болбогондо, адабият менен эмне болмок эле?»<br>Музыкалык сабат. |

## 2.5. Предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык байланыштарды жүзөгө ашыруу

Предметтер аралык байланыш жана дисциплиналар аралык өз ара аракеттешүү, бул стандарттын маанилүү стратегиялык багыты болуп эсептелет. Мында *дисциплина* деген терминди илимдин өз алдынча тармагы болгон бирдиктүү «Искусство» билим берүү тарамын көрсөтүп жатабыз.

Ошондуктан «*өз ара аркеттешүү»* түшүнүгүн колдонууну абдан адекваттуу деп эсептейбиз. Себеби, эки тараптан ар түрдүү предметтердин бири-бирине болгон таасирдүүлүк процесси ачып көрсөтүлөт.

Стандарттын чегинде, башталыч класстар үчүн предметтер аралык байланыштар музыкага тийешелүү болгон сүрөттүүлүктү, поэтикалуулукту «көркөм контексти түзүүдө» көрсөтө алат. *Темалардын деңгээлинде* музыка, поэзия жана живопистин мазмундук жалпылуулугу көрсөтүлөт. Предметтер аралык байланыштар «Дисциплиналар аралык аянттын» кеңейтилиши, окуу предметтеринин айланасынын чегин бир канча оптималдаштырат**.** Алар: адабият, көркөм өнөр, кыргыз, орус тилдери предметтери.

Өз ара аракеттешүү тарамы, «музыка жана жашоо» деген көз краштта предметтик стандарттын бардык мазмундук тилкелеринде камтылганын, өзгөчө белгилеп коюубуз керек. Бул эң негизги өзгөчөлүк ырааттуу түрдө жана аргументтештирилип 1-класстан 4-класска чейинки окуу процессинде ишке ашырылат. Музыка предметинин ***мазмундук тилкелеринин*** көп ырааттуулугун чагылдыруу көйгөйүн ишке ашыруу үчүн, музыка предметине тектеш болуп келген адабий окуу жана көркөм өнөр предметтерне ар дайым таяныч жасоону максаттанат.

«Искусствонун негизги өзөгүндө айырмачылыктар болгону менен, искусствонун түпкү өзөгү, эч кандай талашы жок эле бир тамырдан таркалат. …Ошондуктан, искусствого бирдиктүү тарам катары абдан ишенимдүү карай багыт ала баштаганыбыз туура болот» - деп П.Флоренский[2] баса белгилеген. Ошол себептен, жалгыз эле музыкалык чыгармалардын образына кайрылуубуздун берилиши абдан көп болбостон, алар адабият менен көркөм өнөр чыгармаларынын образына да кайрылууну максаттанат.

Ал эми бардык эле искусство тарамындагы предметтер өзүнүн тилинде бир эле проблеманы чагылдырышат - ал, адамдын жашоосу.

# 3-бөлүм. ПРЕДМЕТ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар

Бул бөлүмдө окутуудан күтүлүүчү натыйжалар берилген, алардан окуучулардын предметтик жана предметтен жогорку компетенцияларынын калыптануусу түзүлөт. Күтүлгөн натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Номерлөөнүн ар бир цифрасы маалыматтык жүк көтөрүп турат. Мисалы, 1.1.1. күтүлүүчү натыйжасы 1-класс үчүн (1-цифра) билим берүүчүлүк натыйжа экенин көрсөтөт. Экинчи цифра берилген натыйжа кайсы предметтик компетенцияны калыптандырарын билдирет. Берилген учурда бул - «Эмоциялык-баалуулук компетенттүүлүгү». Акыркы цифра күтүлүүчү натыйжанын иреттик номурун көрсөтөт. Алынган мисалда 1 (бир) цифрасы, б.а., күтүлүүчү биринчи натыйжа.

---

[2] Флоренский П.А. Анализ пространственности и времени в художественно-изобразительных композициях. М.: Прогресс, 1993. 63-б.

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

| № | Мазмундук тилкелер | Индикаторлор, иш-аракеттер (жүрүш-туруш, ишмердүүлүк терминдеринде) (Окуучу эмнени жасоого жөндөмдүү?) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **1- класс** | **2- класс** | **3- класс** | **4- класс** |
| 1. | Музыканын тили – музыкалык көркөм туюндуруунун каражаттары | 1.1.1. музыкалык чыгарманы угуунун жыйынтыгында өзүнүн оюн айтып берет;<br>1.2.2. композитордун музыкалык чыгармага колдонгон каржаттарын айтат;<br>1.2.3. музыкалык тилдин терминдерин түшүнөт;<br>1.3.4. пиано, форте динамикалык боёкчолорду тез, акырын темптерди пайдаланат (жекече ырдоодо); | 2.1.1. музыкалык чыгарманы угуунун жыйынтыгында өзүнүн эмоциялык абалын сыпаттап берет;<br>2.2.2. композитор музыкалык көркөм туюндуруунун кайсы каражаттарынын жардамы менен чыгарманын музыкалык идеясын бергенин аныктайт;<br>2.2.3. музыкалык тилдин терминдери жана түшүнүктөрүн түшүнүү менен пайдаланат;<br>2.2.4. ар түрдүү динамикалык боёкчолорду, темптерди пайдаланат (хордук же/жана жекече ырдоодо); | 3.3.1. музыкалык чыгармаларды аткарууда импровизация-лайт (хордук же/жана жекече ырдоодо);<br>3.3.2. ырларды хор менен же жекече аткарууда дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна тиешелүү түрдө жооп кайтарып, айрым учурларда дирижердун ролун аткарат; | 4.1.1. көркөм маданияттагы музыканын маанисин түшүндүрүп берет;<br>4.1.2. түрдүү композиторлор-дун музыкалык кебинин мүнөздүү белгилерин атап берет;<br>4.1.3. музыкалык көркөм туюндуруунун кайсы каражаттарынын жардамы менен композитор чыгарманын музыкалык идеясын бере алганын аргументтеп далилдеп берет; |
| 2. | Музыкалык интонация жана образ. | 1.2.1. музыкадагы интонацияларды айырмалап берет;<br>1.2.2. өзүнүн толкундоолорун айтып берет;<br>1.2.3. музыканын | 2.2.1. музыкадагы көркөмдүк жана сүрөттөөчү интонацияларды айырмалап, атап берет;<br>2.2.2. өзүнүн толгонууларын, | 3.1.1. музыкалык чыгармаларды эмоционалдык-образдык мүнөздөп берет (өзүнүн толгонууларын, автордун сезимдерин | 3.2.1. искусствонун ар кыл түрлөрүнүн ортосундагы өз ара байланыштарды белгилейт;<br>4.2.1. угуу аркылуу музыкалык образдарды |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | образдык мазмунун ырдоо аркылуу өзүнүн музыкага болгон мамилесин билдирет;<br>1.2.4. өзүнүн жеке музыкалык таасирлерин оозеки айтып билдирет; | сезимдерин айтып, атап берет;<br>2.2.3. музыканын көркөм-образдык мазмунун ишке ашырат, ырдоо, жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойноо аркылуу өзүнүн музыкага болгон мамилесин билдирет;<br>2.2.4. өзүнүн жеке музыкалык таасирлерин оозеки баяндоолор жана айтып берүүлөр түрүндө билдирет; | атайт);<br>3.2.1. сыпаттама же визуалдык образдар аркылуу музыкалык чыгарманы интерпретация-лайт;<br>3.2.2. угуу аркылуу музыкалык образдарды аныктайт жана чыгарманын музыкалык образын (образдарын) түшүндүрүп-мүнөздөйт;<br>3.2.3. чыгарманыны музыкалык драматургиясы-нын идеясын түшүндүрүп берет;<br>3.2.4. музыканын көркөм-образдык мазмунун ишке ашырат, хордук же жекече ырдоодо өзүнүн музыкага болгон мамилесин көрсөтөт; | аныктайт жана музыкалык чыгарманы баалайт;<br>4.3.3. ырларды хор менен же жекече аткарууда музыкалык образды пайда кылуу үчүн музыкалык көркөм туюндуруу каражаттарын өз алдынча пайдаланат; |
| 3. | Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары | 1.2.1. кыргыз элдик музыканын негизги жанрларын атап берет;<br>1.3.2. бир элдик ырды, композиторлордун ырын (окуучулардын тандоосу боюнча) жекече аткарып берет (аспаптын коштоосу менен);<br>1.3.3. бир үндүү жөнөкөй | 2.2.1. элдик музыканын негизги типтерин, жанрларын атап берет;<br>2.3.2. бир элдик ырды, композитор-классиктер-дин жана азыркы композиторлордун ырларын (окуучулардын тандоосу боюнча) жекече көркөм аткарып берет | 3.2.1. музыканын негизги формалары (куплет, кайырма) менен жанрларын айырмалайт; | 4.2.1. элдик жана профессионалдык музыканын ортосундагы айырмачылыктарды аргументттүү түрдө негиздейт;<br>4.2.2. музыкалык чыгармалардын стилдик өзгөчөлүктөрүн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | чыгарманы хор менен аткарат; | (коштоо менен жана коштоосуз);<br>2.3.3.эки үндүү жөнөкөй чыгармалардагы хордогу өзүнүн партиясын аткарат, анын ичинде ноталык жазууга таянуу менен; | | аныктап, атап берет; |
| 4. | Автор (автордук дүйнө) | 1.2.1. Кыргыз обончуларды, акын, аткаруучуларды атап берет;<br>1.2.2. Обончунун обонунун кээ бир мүнөздүү сапаттарын айтып берет;<br>1.2.3. кыргыз музыкалык- фольклорун атап берет;<br>1.3.4. мугалимдин суроосунун жардамы менен уккан чыгарманын жаккандыгын же жакпагандыгын билдирет. | 2.2.1. Дүйнөлүк музыканын, Кыргызстандын композиторлорун, акын, аткаруучуларын атап берет;<br>2.2.2. ар түрдүү композиторлордун музыкалык кебинин кээ бир мүнөздүү сапаттарын айтып берет;<br>2.2.3. кыргыз музыкалык-поэтикалык фольклорунун жанрларын атап берет;<br>2.3.4.мугалимдин суроолорунун жардамы аркасында уккан чыгармага карата эмоциялык мамилесин билдирет. | 3.2.1. көрүнүктүү композиторлор менен музыкант-аткаруучулар-дын ысымдарын атап берет;<br>3.2.1. кыргыз жана чет элдик ири композиторлор-дун чыгармачылыгынын мүнөздүү белгилери менен үлгүлөрүн атап берет;<br>3.1.3. өзүнүн жеке музыкалык таасирлерин оозеки түрдө туюндурат;<br>3.3.4. ырларды хор менен (жекече) аткарууда дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна тиешелүү түрдө жооп кайтарып, айрым учурларда дирижердун ролун аткарышы мүмкүн. | 4.2.1. стилдердин мүнөздүү белгилерин түшүндүрүп берет;<br>4.2.2. бир эле көркөм идеянын, сюжеттин түрдүү композиторлор-дун чыгармачылы-гында интерпретация-ланыш өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт;<br>4.2.3. музыкалык чыгарманы талдайт, автордун идеясына карата өз позициясын билдирет;<br>4.1.4.өзүнүн музыкалдык таасирлерин оозеки айтып берүүлөр, жазуу түрүндөгү эсселер, рецензиялар формасында билдирет |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

1-4- класстарда Музыка сабагы окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун спецификасына ээ. Музыка сабактарында окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгы төмөнкүлөр аркылуу бааланат:

- музыканы угуу жана музыкалык чыгарманы талдоо;
- хордук жана жекече ырдоо;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктулары – нота жазуу иштери, чыгармачыл презентациялар, портфолио ж.б.

Баалоо окуучунун окуудагы натыйжалары предметтик стандарттарга туура келерин аныктоо максатын көздөйт. Музыка сабактарында баалоо эки багытта жүргүзүлөт:

- окуучунун прогрессинин жекече динамикасы бааланат, б.а., баштапкы жана аяккы натыйжалар салыштырылып, окуучунун жетишкендиктеринин прогресси бааланат;
- окуучунун жообу/иши баалоонун критерийлери (ченемдери) менен салыштырылат.

Музыка сабагында баалоонун типтери
1-4- класстарда Музыка сабактарында педагогикалык баалоонун эки тиби колдонулат: критериялык жана ченемдик.
*Критериялык баалоо* – бул критерийлер боюнча баалоо, б.а., баа окуучунун жетишкендиктерин көрсөтүүчү түзүүчүлөрдөн (критерийлерден) келип чыгат.
Окуучулардын иштерин баалоого критерийлик мамиле кылуу процесстин бардык катышуучуларына (мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге) окуп-үйрөнүлүп жаткан материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү тескери байланышты жүзөгө ашырууга жардам берет. Тескери байланыш канчалык мазмундуу болсо, ага жасалган мамиле ошончолук конструктивдүү болушу мүмкүн. Критерийлик баалоо бул – баалоонун жана өзүн өзү баалоонун ар кыл түрлөрү, формалары жана усулдары колдонулган мамиле.
Критериялик баалоо мугалим үчүн бир катар принципиалдуу көрсөтмөлөрдү билдирет:

- баа аркылуу окуучунун инсаны эмес, иши гана бааланат;
- окуучунун иши башка окуучулардын иши эмес, эталон (мыкты аткарылган иштин үлгүсү) менен салыштырылат. Эталон окуучуларга мурдатан тааныш болот;
- бааны чыгаруунун так алгоритми иштелип чыккан, окуучу ал боюнча өз жетишкендиктеринин деңгээлин өзү аныктап, өз баасын көрсөтөт;
- окутулуп жаткан нерсени гана баалоого болот, ошондуктан баалоо критерияся – окуу максаттарынын (билим берүүчүлүк натыйжалардын) конкреттүү туюндурулушу.

Критериялык баалоону колдонуу баалоо процессине окуучулардын өздөрүн тартууга шарт түзөт, башкача айтканда, билим берүү процессинин маанилүү компоненти болгон өзүн өзү баалоону ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет, анткени рефлексия гана окуучуларга өз ишмердүүлүгүнөн тажрыйба чыгарууга, коюлган милдетти чечүү үчүн ички мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүүгө, өзүн жакшыраак аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзө алат. Өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин талдоо менен, окуучулар аларды четтетүү жолдорун табышат, өздөрүн өздөрү баалоого үйрөнүшөт, бул болсо аларга өз иштеринин күчтүү жана алсыз жактарын көрүүгө жана мындай жыйынтыктарды аңтап түшүнүүнүн негизинде кийинки ишмердүүлүгүнүн программасын түзүүгө шарт түзөт. Туура уюштурулган рефлексия тапшырманы ийгиликтүү аткарууга өбөлгө болуучу оң маанайды түзүүгө жардам берет.

### 3.2.1. Музыка предмети боюнча баалоонун критерийлери (мисалдар)

- Ырды бир убакта аткаруу жана аяктоо (дирижердун кол шилтемдерин аткара билүү).
- Ноталардын аталыштарын, ноталык сызыктарга (станга) жайгаштыра билүү.
- Обонду (ноталык) жана сөздүк текстти билүү (эгер үйрөнүп жатканда ноталык жазуу колдонулган болсо).
- Аткаруунун интонациялоонун тазалыгы жана ыргактык тактыгы.
- Ырды мүнөздүү аткаруу (музыкалык көркөм туюндуруу каражаттарын – динамикалык боёкчолорду, темпти, обонду, ыргакты… туура пайдалануу).
- Ырдоо учурунда туура отуруу (туруу).
- Жооп берүүдө (оозеки, жазуу, презентацияда) музыкалык терминдерди сабаттуу пайдалануу.
- Музыкага кызыгуу, ага эмоциялык жооп кылуу жана музыкалык чыгарма менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын мүнөздөй билүү (сүйүнүү, капалануу ж.б).
- Окуучунун өзүнүн аткаруусун мүнөздөй жана талдай билүүсү.
- Аткаруу учурунда эмоционалдуулукту көрсөтүү.

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктуларын баалоо критерийлери ар бир тапшырма жана окуучулардын ишинин түрү боюнча иштелип чыгат.

***Ченемдик баалоо*** – жеке натыйжалар менен статистикалык маанилерди – ченемдерди салыштыруу жолу менен баага жана инсандын жүрүш-туруш өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу, тапшырма менен өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү интерпретациялоого болгон мамиле. Окутуунун натыйжалары беш баллдык шкала боюнча бааланат, зарыл учурда жоопко берилген оозеки мүнөздөмө менен толукталат. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун болжолдуу ченемдери тиркемеде берилген.

***Баалоонун түрлөрү***

Музыка сабактарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү түрдө пайдаланылат: формативдик баалоо (окутуунун бүткүл процесси боюнча) жана суммативдик (жыйынтык) баалоо компетенттүүлүктөрдүн калыптануусун аныктоо үчүн окуу материалын (музыкалык чыгармаларды) окуп-үйрөнүүнүн аягында.

Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формалары.

- *окуучулардын оозеки жооптору* (сабактарда музыкалык чыгармалар тууралуу диалог-дискуссияларга катышуусу; башка окуучулардын аткаруусу тууралуу пикирлери);
- *нота менен жазуу иштери* (карточкалар боюнча иштөө, музыкалык сөздүктү билүү, жеке таасирлери жана музыкалык чыгармаларды эмоциялык-образдык кабылдоо боюнча эссе).
- *практикалык тапшырмалар* (нота менен ноталык сызыктарга жазуу, ноталардын созулуштары менен ырдоо, презентацияларды даярдоо, «обонду тап» - сабакта жаңырган музыкалык чыгармалардын фрагментерин табуу, жекече жана хор менен ырдоо).

## 4-бөлүм. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

### 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

“Музыка” предмети боюнча коюлган максатка жана милдеттерге жетүү үчүн төмөнкүдөй ресурстук камсыздоо талап кылынат:

*Адам ресурсу*

“Музыка” предметин окутуу үчүн мектепте “Музыка мугалими” адистигине ээ болгон, атайын музыкалык билими (атайын орто, жогорку) бар адистин болушу талап кылынат. Адис музыкалык аспаптардын биринде ойной билүүгө тийиш, бул ыр репертуарын үйрөнүү жана аткаруу учурунда окуучуларга аккомпанементтөөгө мүмкүндүк берет (фортепиано, синтезатор, баян, аккордеон). Билим берүүнүн заманбап шарттары мугалимдин компьютердик технологиялар менен тааныш болуусун талап кылат.

*Техникалык ресурстар*

1. Музыка кабинети.

Сабакты уюштуруу үчүн өзүнчө “Музыка” кабинети же музыка сабагын жана “Искуство” билим берүү тарамдарынын предметтеринин бирин (Көркөм сүрөт, Адабият) өткөрүүгө ылайыкталган бириктирилген кабинет зарыл.

2. Музыка сабагын өткөрүү үчүн жабдуулар;

- Музыкалык аспаптар - фортепиано, синтезатор, баян, аккордеон, кашыктар, шалдырактар, маракастар, даптар, ышкырыктар, балдардын клавишалуу инструменттери, металлофон, ксилофон ж.б.
- Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары - комуз, кыяк, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз, чоор, чопо-чоор, добулбас, шылдырак ж.б.
- Колонкалары бар компьютер (санариптик ойноткуч).
- Видео-жабдуу - мультимедиялык проектор (видео-приставкасы бар телевизор).
- Нота сызыктары түшүрүлгөн такта (доска).
- Дүйнөлүк музыкалык классиканын жана Кыргызстандын композиторлорунун, музыкалык аткаруучулардын портреттеринин комплектиси же санариптик топтомдор.
- “Ноталык сабат” плакаттарынын комплектиси же санариптик топтомдор.
- КР Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган Музыка боюнча окуу-методикалык комплекстер - ОМК, - музыканы окуп-үйрөнүү үчүн видеожазуулардын комплектиси, музыка боюнча ноталык жана фонохрестоматия – музыкалык чыгарманын угулуш үлгүлөрүн берүү үчүн колдонулат
- Предмет боюнча адабияттар.

### 4.2 Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Күтүлгөн натыйжага жетүүнүн маанилүү фактору болуп жүйөлөөчү окуу чөйрөсүн түзүү эсептелет. Чөйрө деген – көп сандагы компоненттердин болушу: “Музыка” кабинети, салтанаттуу жыйындар залы, музыкага жана искусствонун башка түрлөрүнө арналган стенддер, мектептин музыкалык билим берүү менен байланыштуу сабактардан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча ишмердүүлүгү – окуучулардын концерттик иштерин, окуучулар музыкалык номерлерди көрсөтүүгө тийиш болгон класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу.

Сабак учурунда окуучуларды жүйөлөй турган окуу чөйрөсүн түзүү жаңы педагогикалык мамилелер менен технологияларды колдонуу зарылдыгын талап кылат. Инсандык-багытталган окутуу системасында анын кызматы менен уюштуруу формасы өзгөрүүгө дуушар болот. Сабак мугалимдин окуучулар менен, окуучулардын өз ара чыгармачыл баарлашуусуна айланат. Окуучуларда Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга өбөлгө түзүүчү инновациялык технологияларды практикага киргизүү зарыл. Окутууда өнүктүрүүчү окутууну киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылган инсандык-багытталган мамилени, маалыматтык-коммуникативдик, оюн технологияларын колдонуу сунуш кылынат.

Кийинки маанилүү компонент – бул жүйөлөөчү электрондук билим берүүчүлүк чөйрө. Жүйөлөөчү электрондук билим берүүчүлүк чөйрө билим берүүчүлүк электрондук

сервистердин максималдуу ачыктыгын жана окуучуларга жеткиликтүүлүгүн шарттайт. Электрондук чөйрөнүн технологиялык негизинде окуу китептери, тесттик тапшырмалар, фоно жана видео хрестоматиялар, аныктамалык адабияттар, электрондук архив турат. Электрондук архивдин мазмуну бай болууга тийиш: андан мугалим күн сайын конструктор сыяктуу сабакты «жыйнай» алат. Чөйрө кызыккан окуучуларга фундаменталдык түшүнүктөрдү өздөштүрүү үчүн кызыктуу тексттерди, предметти көрсөтмөлүү жана жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн сүрөттөлүштөр менен таблицаларды, электрондук окутууну уюштуруу үчүн видео- жана аудио материалдардын китепканасын бере алат.

**Тиркеме**

***«5» деген баа** окуучунун төмөнкүдөй жетишкендиктери үчүн **коюлат:***

- эгер окуучу музыкалык чыгармага байланыштуу өзүнүн эмоциялык абалын мүнөздөй алса;
- эгер уккан чыгарма боюнча баа берүүчүлүк ой-пикир айтса, пикир анын музыкалык образына шайкеш келет;
- эгер окуучу жооп берүүдө музыкалык терминдерди пайдаланса;
- эгер окуучу чыгарманы, анын авторун (авторлорун) атаса, анын формасын, жанрын ж.б. аныктаса.

***«4» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:***

- эгер жообунда чыгарманын мазмунуна доо кетирбей турган анча олуттуу эмес каталарга жол берсе;
- эгер окуучу өз жообунда айрым музыкалык терминдерди талапка ылайык түрдө колдонсо;
- эгер жөнөкөй музыкалык үлгүлөр жаралса;
- эгер окуучу чыгарманы, анын авторун (авторлорун) атап берсе.

***«3» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:***

- эгер окуу материалын толугу менен ачып бере албаса (мазмун ырааттуу түрдө эмес, бөлүк-бөлүк болуп берилсе), эгер берилген суроо жана билимдер боюнча жалпы түшүнүгүн көрсөтсө;
- эгер музыкалык терминдерди аныктоодо жана аларды пайдаланууда каталарга жол берсе,
- эгер каталарын мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана оңдосо;
- эгер берилген тема боюнча милдеттүү тапшырмаларды аткарганы менен, практикалык иштерди аткарууда же жаңы кырдаалдарда теорияны пайдалана албаса;

***«2» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:***

- эгер кетирилген каталар окуучу берилген тема боюнча талап кылынган билимдерге, билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;
- эгер окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албаса;
- эгер окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөнү же билбегени, терминдерди, аныктамаларды түшүндүрүп бере албаганы байкалса.

***«1» деген баа төмөнкү учурда коюлат:***

- эгер жооп болбосо.

**Баалардын ченемдери. Хор менен (же жекече) ырдоо**

***«5» деген баа төмөнкү учурда коюлат:***

- эгер окуучу ырдоо учурунда чыгармада берилген образ, мүнөздү түзүүгө аракет кылса – чыгарманын мүнөзүнө ылайык келгидей көркөм, эмоционалдуу аткаруу;
- эгер окуучу чыгарманы өздүк интерпретациясы менен аткарса;
- эгер окуучу хор менен аткарууда класcташтарын угуп, биргелешкен аткарууга колдоо көрсөтсө;
- эгер динамикалык боёкчолор, темп, ыргак сакталса;
- эгер окуучу дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна (шилтемдерине) көңүл коюу менен мамиле кылса;
- эгер окуучу аткарылып жаткан чыгарманын авторлорун атап, ырдын сөзүн жатка билсе;
- эгер окуучу тексттин мазмунун түшүндүрүп бере алса жана чыгарманыны жаралуу тарыхын билсе.

***«4» деген баа төмөнкү учурда коюлат:***

- эгер окуучу чыгарманы аткаруу учурунда олуттуу эмес каталарга жол берсе, мисалы, дикциянын, артикуляциянын жаңылыштыктары, темптен, динамикадан көрсөтүлгөндөн бир аз четтөөлөр, тексттеги олуттуу эмес каталар ж.б.
- эгер окуучу аткарылган чыгарманын авторлорун атап берсе;
- эгер динамикалык боёкчолор, темп, ыргак сакталса;
- эгер окуучу дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна көңүл коюу менен мамиле кылса;
- эгер окуучу тексттин мазмунун, чыгарманын жаралуу тарыхын түшүндүрүүдө так эместиктерге жол берсе.

***«3» деген баа төмөнкү учурда коюлат:***

- эгер ырды аткарууда олуттуу каталарга жол берилсе – берилген темптен четтөө, музыкалык көркөм туюндуруу каражаттарын, динамикалык боёкчолорду колдоно албоо ж.б.;
- эгер тексттин мазмунун түшүндүрүп бере албаса;
- эген ырдын сөзүн толук билбесе же олуттуу каталарды кетирсе;
- жүүнү бош кайдыгер ырдаса.

***«2» деген баа төмөнкү учурда коюлат:***

- эгер кетирилген каталар окуучунун чыгарма боюнча талап кылынган билимдерге ээ болбогонун көрсөтсө.

***«1» деген баа төмөнкү учурда коюлат:***

- эгер окуучу чыгарманы аткара албаса жана ал жөнүндө эч нерсе айтып бере албаса.

**Эскертүү:** Мугалим окуучулардын физикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, айрым балдар анча олуттуу эмес каталарга жол берген учурда баасын төмөндөтпөөгө тийиш. Анча олуттуу эмес каталар үн (добуш) чыгаруунун кемчиликтери катары каралышы керек.

Музыка предметин окутуу окуучулардын билим жетишкендиктерин так жана реалдуу баалоодо ар бир мазмундук багытты окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын таблицаларын пайдалануу зарыл. Анкени, бул таблицалар окуучулардын билим жетишкендиктерин эле эмес, аларда негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусун баалоого жардам берет. 1-класста окуучуга баа коюлбайт.

***Мектептик билимдин сапатына баа берүү тутуму төмөнкүлөрдү камтыйт:***

- окуучунун жеке натыйжаларын коррекциялоо, окутуунун, аттестациялоонун кийинки баскычына өтүү үчүн окуучунун билимдик жетишкендиктерине баа берүүнү (билимдин белгилүү деңгээлине жетүүнү ырастоону);

- окутуу жана окуу процесстерин өркүндөтүү үчүн мектептердин жетишкендиктерине баа берүүнү (мугалимдердин же мектептин ишмердигине баа берүүнү);
- билим берүү тутумуна мониторинг жүргүзүүнү жана баа берүүнү.

***Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерине баа берүү тутуму төмөнкү принциптерге негизделет:***

- баа берүү тутуму киргизгенге чейин билим берүүнүн натыйжаларын жана аларга жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окутууну өркүндөтүүгө жана окуу процессине багыт берүү;
- окуучуларды даярдоо деңгээлине, инструментарийге, баа берүү жол-жоболоруна карата бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу;
- окуучунун жетишкендиктерине баа берүү аспаптарынын Мамлекеттик жана предметтик стандарттар менен белгиленген окутуу натыйжаларына ылайык келиши;
- баа берүү тутумун иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу процессине мугалимдерди кошуу;
- баа берүү критерийлери менен жол-жоболорунун ачыктыгын, билим берүү процессинин бардык субъекттери үчүн натыйжалардын түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуу;
- баа берүү тутумун туруктуу өркүндөтүү.

***Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана өсүү прогрессин өлчөө үчүн баа берүүнүн диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтык (суммативдик) сыяктуу үч түрү колдонулат.***

**Диагностикалык баа берүү** окуучунун өсүү прогрессине баа берүү үчүн колдонулат – окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлине жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностук баа берүүнүн натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп кызмат кылат.

**Калыптандыруучу баа берүү (формативдик) окуу** материалын өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун өсүү прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативдик баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ал эми окуучулар – алар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун өсүү прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече өсүү прогрессине көз салууну белгилейт.

**Жыйынтык баа берүү (суммативдик)** окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

Жекече аткарылган милдеттерге учурдагы баа берүү ченемдерине (туура чечимдердин саны, жол берилген каталыктардын саны, тариздөө эрежелерин жолдоо ж.б.) жана мугалими жана/же окуучунун өзү берген айрым иштерди аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө учурдагы баа берүүнү жүргүзөт.

Орто аралык баа берүү предметтик стандартта аныкталган иштин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт: жазуу жүзүндөгү иштер/булактары менен иштер; оозеки жооп/бет ачар; долбоор, изилдөө иштери, иштин өзгөчөлүү түрлөрү; портфолио

(жетишкендиктердин папкасы) ж.б. Иштин бардык түрлөрү баа берүү критерийлеринин негизинде бааланат, ал милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баа берүү планын иштеп чыгууда алдын-ала пландаштырылат.

Жыйынтык баа берүү мектептин календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана колдонуудагы ченемдерге жана баа берүүнүн иштеп чыккан критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө аткарылат. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын жыйынтыктоочу баа берүүдөгү салыштырма салмагы окутуунун баскычтарын жана предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик стандарт боюнча аныкталат. Иштердин формаларынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныктайт.

4-класста баа берүү окуучунун ички туюмуна дем берүү, өзүнө-өзү баа берүү, өзүн-өзү талдоо жана өз ара баа берүү, өз ишине жана башка окуучулардын ишине сын көз менен баа берүү жөндөмүн калыптандырууга багытталган. Ушул максатта белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат.

Баа берүү максаттарына жетишүү үчүн 1-4- класстын мугалими:

- бааны окутуунун натыйжасына жетишүү даражасынын көрсөткүчү катары карайт;
- натыйжаларга жетишүүгө жана инсандык өнүгүшүнө тиешелүү окуучунун өсүү прогрессине көз салат;
- сапаттык жана сандык баа берүүнүн (окуучунун портфолиосу, байкоо жүргүзүү, тесттер, контролдук иштер ж.б.) ар кандай формаларын [жеке жана топтор менен музыкалык чыгарманы (ырды-обонду) аткаруу ж.б.], усулдарды, ыкмаларды жана аспаптарды пайдаланат;
- маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун өсүү прогресси жана окутуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө ата-энелерге маалымдайт;
- ким, качан жана кайда, ага баа бергендигине карабастан окуучуларга коюлган талаптардын биримдигин камсыз кылат.

**Адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты.
2. Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство /Сост. Р.Х. Шакиров, А.А. Буркитова, О.И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012. – 80 с.
3. Домарева Н.И. «Межпредметные связи на уроках музыки как средство интеллектуального развития учащихся» 07.02.2012 http://nsportal.ru/shkola/muzyka/library/2012/02/07/mezhpredmetnye-svyazi-na-urokakh-muzyki-kak-sredstvo
4. Иванова А.И. Использование личностно-ориентированных развивающих технологий на уроках окружающего мира. http://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/obshchepedagogicheskie-tekhnologii/2014/10/19/ispolzovanie-lichnostno
5. Мотивирующая образовательная среда//Городской методический центр. URL: http://mosmetod.ru/centr/proekty/mos/motiviruyushchaya-obrazovatelnaya-sreda.html
6. Методика музыкального образования. http://lib4all.ru/base/B3079/B3079Part16-134.php
7. Полтушева И.М. «Межпредметные связи на уроке музыки в общеобразовательной школе» http://sabak.ucoz.org/publ/materialy_pedagogov/stati/7-1-0-177
8. Растрепина Н.М. Критериальная система оценивания. http://www.openclass.ru/node/132618

# МАЗМУНУ

| | | |
|---|---|---|
| **1-бөлүм.** | **ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ……………………………………………………........** | 2 |
| 1.1. | Документтин статусу жана түзүмү ……………………………………………..... | 2 |
| 1.2. | Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы ...................................................................................................... | 2 |
| 1.3. | Негизги түшүнүктөр жана терминдер…………………………………………....... | 2 |
| **2-бөлүм.** | **ПРЕДМЕТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ.....................................................................** | 3 |
| 2.1. | Предмети окутуунун максаттары жана милдеттери ............................................ | 4 |
| 2.2. | Предметти түзүүнүн методологиясы ……………………………………........ | 5 |
| 2.3. | Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр ...................................…......... | 7 |
| 2.4. | Мазмундук тилкелер. Окуу материалдарын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү ...................................................................................... | 9 |
| 2.5. | Предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык байланыштарды жүзөгө ашыруу .........................................................................................….......... | 11 |
| **3-бөлүм.** | **ПРЕДМЕТ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО ...................................................................................................** | 11 |
| 3.1. | Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча) ........................................................................................................ | 12 |
| 3.2. | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары............. | 14 |
| 3.2.1. | Музыка сабагында баалоонун типтери ............................................................... | 15 |
| 3.2.2. | Музыка предмети боюнча баалоонун критерийлери (мисалдар) ....................... | 16 |
| 3.2.3. | Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формалары . | 16 |
| **4-бөлүм.** | **БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР..** | 16 |
| 4.1. | Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар ……….......……………………...... | 16 |
| 4.2. | Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү ............................................................... | 17 |
| | Адабияттар ............................................................................................................ | 21 |